| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 07-10-3 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 1
«30» 09 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору Чыныбаев М.К.
Буйрук № 1/194
«__» ______ 2026-ж.
27.10.2026г.

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН**
**ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**Бишкек, 2026**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы№** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин № ...... протоколу жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | № 1 Протокол 05 .10.2022-ж. |
| 2 | 3.2-пунктка өзгөртүү киргизүү:<br>Штаттык типтүү түзүмдөгү «директораттын катчысы» деген кызмат орду «директораттын адиси» деген кызмат ордуна өзгөртүлсүн. | №1 Протокол 27.09.2023-ж. |
| 3 | ОМКтин төрагалыгына шайлануучу адамга коюлуучу талаптарды белгилөө бөлүгүндө 4.5-пунктка өзгөртүүлөр киргизилди. | №1 протокол 30.09.2026-ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Институту жөнүндө ушул Жобо (мындан ары – Жобо) институтардын (юридикалык статусу бар аймактык институттардан башка) ишмерүүлүгүн жөнгө салуу максатында жана Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларынын, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Уставынын жана анын уюштуруу-башкаруу түзүмүнүн негизинде иштелип чыккан.

1.2. И. Раззаков атындагы КМТУнун Уставына ылайык институт административдик түзүмдүк бөлүм болуп саналат. И. Раззаков атындагы КМТУнун Институту (мындан ары – Институт) жогорку кесиптик билим берүү (ЖКББ), кошумча кесиптик билим берүү (ККББ) жана аспирантурадан кийинки кесиптик билим берүүнүн табигый-техникалык багыттар боюнча билим берүү программаларын ишке ашырууну контролдоону жүзөгө ашырат.

1.3. Институтту түзүүнүн максатка ылайыктуулугу КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен, болгон каражаттардын чегинде жана төмөнкү шарттар болгон учурда аныкталат:

1) өндүрүштүк практиканы өткөрүү үчүн материалдык-техникалык базанын болушу;

2) окуу процессин тиешелүү окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыз кылуунун болушу;

3) окуу, окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары – ПОК) болушу;

4) 500дөн кем эмес билим алуучунун болушу.

1.4. Институт өз ишин Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, КМТУнун Уставына жана ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырат.

## 2. ИНСТИТУТТУН МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ФУНКЦИЯЛАРЫ

2.1. Институт КМТУда өзүнчө түзүлүүчү түзүмдүк бөлүмдө билим берүү багыттарын ар тараптуу өнүктүрүү максатында түзүлөт.

2.2. Институттун негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Институтка бекитилген окутуунун багыттарын, бакалавриат, адистик, магистратура жана PhD докторантура программаларын ар тараптуу өнүктүрүү;

2) эл аралык байланыштарды кеңейтүү жана чыңдоо;

3) өндүрүштүк-практикалык ишмердикти өнүктүрүү;

4) илимий-инновациялык ишмердиктин натыйжалуулугун жогорулатуу жана интеллектуалдык ишмердиктин натыйжаларын коммерциялаштыруу;

5) студенттерде жарандык позицияны жана эмгекчилдикти калыптандыруу, жоопкерчиликти, өз алдынчалыкты жана чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүү;

6) коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана өнүктүрүү;

7) калк арасында билимдерди жайылтуу, мамлекеттин интеллектуалдык потенциалын жогорулатуу.

2.3. Институттун функциялары:

1) кесиптик ишмердиктин белгилүү бир чөйрөсү үчүн илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону координациялоо, ошондой эле адистерди даярдоонун профили боюнча фундаменталдык жана колдонмо мүнөздөгү илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;

2) окуу процессинин жүрүшүнө, билим алуучулардын практиканын бардык түрлөрүн өтүшүнө, ошондой эле окуу сабактарынын жадыбалынын аткарылышына контролдук жүргүзүү;

3) семестр ичинде билимдерди күнүмдүк контролдоону, ошондой эле курстук иштерди жана экзамендерди өткөрүүнү уюштуруу;

4) белгиленген тартипте билим алуучуларга стипендияларды дайындоо;

5) кафедралардын окуу китептерин, окуу жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу боюнча иштерин координациялоо жана контролдоо, кафедраларда, чыгармачылык ийримдерде жана илимий коомдордо жүргүзүлүүчү билим алуучулардын чыгармачылык иштерине жалпы жетекчилик кылуу;

6) окуудагы, чыгармачылык жана инновациялык ишмердиктеги жетишкендиктери үчүн билим алуучуларды сыйлоо жана шыктандыруу.

## 3. ИНСТИТУТТУН ТҮЗҮМҮ

3.1. Институттун курамына төмөнкүлөр кирет: Окумуштуулар кеңеши, Директорат, кафедралар, окуу-усулдук комиссия. Институттун түзүмүндө илимий-изилдөө лабораториялары болушу мүмкүн. Институт аталган программанын жетекчисин дайындоо менен, өзүнчө түзүмдүк бөлүм түзбөстөн, билим берүү программаларын ишке ашырууну уюштура алат.

3.2. Институттун типтүү штаттык курамы төмөнкү кызматкерлерден турат: директор (штаттык бирдик), директордун орун басары (кошумча иштөө боюнча), эдвайзер, кафедра башчылары жана/же билим берүү программаларынын жетекчилери (мындан ары – БП), директораттын адиси (штаттык бирдик) жана профессордук-окутуучулук курам (штаттык бирдик). Студенттердин контингенти 2000 адамдан ашкан учурда Институттун директоруна кызматтык маянасына коэффициент белгиленет.

3.3. Институттун студенттеринин контингентине жараша директордун орун басарларынын жана эдвайзердин саны аныкталат:

1) билим берүүнүн сапаты боюнча директордун орун басары (1 бирдик) – студенттердин контингенти 500 адамдан ашкан учурда кошумча төлөм менен;

2) тарбия иштери боюнча директордун орун басары (1 бирдик) – студенттердин контингенти 500 адамдан ашкан учурда кошумча төлөм менен;

3) илимий даражасы бар илимий иштер боюнча директордун орун басары;

4) билим алуучулар менен иштөө боюнча эдвайзер – 1000 билим алуучуга 1 штаттык бирдик.

3.4. БП жетекчилеринин саны Институтта ишке ашырылып жаткан багыттардын жана адистердин санына жараша аныкталат. ПОКтун саны Институттун окуу жүктөмүнүн негизинде аныкталат.

3.5. Институттун штаттык расписаниеси пландык-финансылык башкармалык менен макулдашылат жана ректор тарабынан бекитилет.

3.6. Биргелешкен эл аралык билим берүү программалары бар Институттун штаттык расписаниеси программалардын санына жараша түзүлөт.



## 4. ИҢСТИТУТТУ БАШКАРУУ

4.1. Институтту директор жетектейт. Институттун директору жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрлардын арасынан, 65 жаштан ашпаган, тиешелүү профил жана квалификация боюнча иш тажрыйбасына жана илимий даражага ээ болгон адамдардан ректордун буйругу менен 5 жылга чейинки мөөнөткө эмгек келишимин түзүү аркылуу дайындалат. КМТУнун тиешелүү локалдык ченемдик укуктук актысында белгиленген жыл сайын өткөрүлүүчү аттестациянын жыйынтыгы боюнча ректор Институттун директорун ээлеген кызматынан бошотууга укуктуу.

4.2. Директор КМТУнун Уставы жана Институт жөнүндө Жобо менен аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде Институттун атынан иш алып барып:

1) Институтту бардык уюмдарда жана мекемелерде өкүлчүлүк кылат;

2) КМТУнун ишмердигине жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнө байланыштуу маселелер каралып, чечилүүчү Окумуштуулар кеңешинин, Ректорлор кеңешинин жана КМТУнун Конкурстук комиссиясынын иштерине катышат;

3) Институттун ишин пландаштырат жана аны кызматкерлердин бекитилген функционалдык милдеттерине ылайык алардын ортосунда бөлүштүрөт;

4) окуу жана илимий-изилдөө лабораторияларынын окуу, окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштерине жетекчилик кылат;

5) жогорку кесиптик жана аспирантурадан кийинки кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда КМТУнун билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышы үчүн толук жоопкерчилик тартат;

6) кесипке багыт берүү иштерине, окуу процессине, студенттердин практикаларын өткөрүүнүн жүрүшүнө жана студенттер арасындагы тарбия иштерине контролдук жүргүзөт;

7) окуу сабактарынын жадыбалдарын, окуу процессинин графигин түзүүгө жетекчилик кылат жана алардын аткарылышын контролдойт;

8) студенттердин өз алдынча иштеринин, билимдерин күнүмдүк жана жыйынтыктоочу контролдоонун өткөрүлүшүнө контролду уюштурат, алардын жыйынтыктарын талдайт жана Институттагы окуу, окуу-методикалык жана илимий-изилдөө иштерин жакшыртуу боюнча сунуштар менен ректорго жылдык отчет даярдайт;

9) белгиленген тартипте жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнү уюштурат;

10) студенттерди окуудан чыгаруунун себептерин көрсөтүү менен, студенттерге академиялык өргүү берүү, мурда КМТУдан чыгарылган адамдарды студенттердин катарына калыбына келтирүү жана башка жогорку окуу жайда мурда билим алган студенттерди которуу жөнүндө рапорттарду ректорго берет;

11) Институттун студенттерине стипендияларды дайындоо боюнча ректорго сунуштарды берет;

12) Институттун ПОКунун окуу китептерин, окуу жана методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу, студенттердин чыгармачылык иштерин, илимий-изилдөө жана окуу лабораторияларын, илимий ийримдерди уюштуруу боюнча иштерин координациялайт;

13) илимий-педагогикалык кадрларды (аспиранттарды, докторанттарды жана изденүүчүлөрдү) даярдоону жана ПОКтун квалификациясын жогорулатуу боюнча иштерди координациялайт;

14) Институттун кызматкерлерин ишке кабыл алуу, иштен бошотуу жана которуу, аларды моралдык жана материалдык жактан сыйлоо, ошондой эле тартиптик таасир көрсөтүү чараларын колдонуу боюнча ректорго сунуштарды берет;

15) КМТУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте окуу-тарбиялык, методикалык жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуу маселелерин чечет;

16) Институтта Институттун кызматкерлери тарабынан даярдалган окуу китептеринин, окуу колдонмолорунун кол жазмаларын, дисциплиналардын окуу программаларынын долбоорлорун кароону уюштурат;

17) ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрү жана Институттун бүтүрүүчүлөрү болгон аспиранттар, докторанттар менен байланыштарды жүргүзөт;

18) белгиленген тартипте Институтка кабыл алууну уюштурууга катышат;

19) КМТУнун өнөктөш жогорку окуу жайларынын түзүмдүк бөлүмдөрү, уюмдар, ишканалар, фирмалар жана мекемелер менен тажрыйбаны, окутуунун жаңы инновациялык технологияларын үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу, биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, конструктордук жана башка иштеп чыгууларды уюштуруу, жогорку билимдүү адистердин квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле конференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды өткөрүү максатында чыгармачылык байланыштарды түзөт;

20) ар бир окуу жылы үчүн Институттун ишмердиги жөнүндө отчет даярдайт жана аны Институттун Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизет.

4.3. Институттун ишмердигинин негизги маселелерин кароо үчүн ректор тарабынан бекитилген тиешелүү типтүү Жобонун негизинде иш алып баруучу Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Окумуштуулар кеңешин Институттун директору жетектейт.

4.4. Институттун Окумуштуулар кеңеши «И. Раззаков атындагы КМТУнун институтунун, жогорку мектебинин Окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобонун» негизинде иш алып барат.

4.5. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунунун сапатын камсыз кылуу, өркүндөтүү жана өнүктүрүү максатында Институтта Окуу-методикалык комиссия (ОМК) түзүлөт. ОМКнын төрагасы Институттун директору же кафедралардын ичинен окуу-методикалык иштер жаатында зарыл болгон тажрыйбага жана компетенцияларга ээ болгон жогорку квалификациялуу педагогикалык кызматкер болушу керек.

4.6. Институттун Окуу-методикалык комиссиясы «И. Раззаков атындагы КМТУда методикалык иш жөнүндө жобонун» негизинде иш алып барат.

## 5. ИНСТИТУТТУ КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ

5.1. Институтту кайра уюштуруу жана жоюу КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйругу менен жүзөгө ашырылат.

5.2. Институт кайра уюштурулган учурда (бөлүү, бириктирүү жана профилин өзгөртүү) директор дайындалганга чейин ректордун буйругу менен Институттун директорунун милдетин аткаруучу дайындалат.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

| | |
|---|---|
| Академиялык иштер боюнча проректор | Э.И.Сырымбекова |
| Илимий иштер боюнча проректор | Р.Ш.Элеманова |
| Пландык-финансылык башкармалыктын начальниги | Г.К.Омуркулова |
| УИБ башчысы | А.Ж.Исраилов |